***12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук; 12.00.10 – эл аралык укугу, европа укугу адистиктери боюнча юридикалык илимдер доктору илимий даражасына изденүүгө көрсөтүлгөн Джумалиев Данияр Сардарбековичтин «Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенүүсү: конституциялык жана эл аралык укуктук аспекттер» темадагы диссертациясына расмий оппоненттин***

## ***ПИКИРИ***

***1. Изилдөө темасынын актуалдуулугу.*** Кыргыз Республикасынын конституциялык өнүгүшүнүн азыркы убактагы баскычы коомдо жана мамлекетте түп тамырынан бери болуп жаткан өзгөрүүлөр менен мүнөздөлөт. Д.С. Джумалиев тарабынан тандалган изилдөө темасы ушул өзгөрүүлөр менен тыгыз байланыштуу болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана мамлекеттик бийлик органдарынын өз ара аракеттенүү жагындагы теориянын жана ченемдик практиканын изилдөөсүнө арналган жана көйгөйлүү маселелердин бири болуп саналат.

Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара мамилелеринин укуктук жөнгө салуу менен байланыштуу болгон маселелердин комплексин изилдөө маанилүү илими көйгөй болуп эсептелинет, бул көйгөйдү изилдөө бир жагынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын, экинчи жагынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы мамилелерди шайкештөө үчүн, накта жергиликтүү өз алдынча башкаруунун орношу үчүн жана өзүнүн иш-аракети үчүн жоопкерчилик принципбин ишке ашыруу үчүн чоң мааниге ээ.

***2. Диссертацияларга карата «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобонун» талаптарынын жана «Окумуштуулук даражаны изденүүгө коюлган диссертацияларга талаптар жана баалоо критерийлердин» II бөлүмүнүн чегиндеги илимий натыйжалар.***

Көрсөтүлгөн натыйжалар адистиктин паспортуна жана «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына ылайык келет. Иште төмөнкү жаңы, илимий жактан негизделген жана анык болгон натыйжалар алынган жана алардын жыйындысы конституциялык, муниципалдык жана эл аралык укук илиминин өнүгүшүнө белгилүү бир мааниге ээ:

***Натыйжа 1.*** Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында биз жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул көп маанилүү түшүнүк деген жыйынтыкка келдик. Жергиликтуу өз алдынча башкаруунун аныктамасын бир нече аспектте берүү керек.

***Натыйжа 2.*** Мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү

өз алдынча башкаруунун өз ара мамилелеринин эң эле маанилүү аспекти болуп алардын биргелешкен алып баруунун предметтери боюнча өз ара аракеттенүүсү саналат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында алып баруу предметтерин гана эмес, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ыйгарым укуктарын да бекитүү керек.

***Натыйжа 3.*** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайсы мамлекеттик ыйгарым укуктарын берүү жөнүндөгү маселеси чоң мааниге ээ. Ыйгарым укуктардын түрдүү мүнөзүн жана бирдей эместигин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын шарттарынын түрдүүлүгүн эсепке алып, алардын конкреттүү тизмегин аныктоого мүмкүн эмес. Ошондуктан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарын берүүнүн негизги принциптерин мыйзам тараптан бекитиш керек.

***Натыйжа 4.*** Башкаруунун маанилүү көйгөйү болуп мамлекеттик бийлик органдардын ыйгарым укуктарын төмөнүрөөк аймактык деңгээлде жүзөгө ашыруунун зарылдыгы саналат. Теорияда жана практикада бул маселени чечүүнүн эки жолу бар. Биринчи жолу – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аймагында мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткара турган өзгөчө мамлекеттик түзүмдөрдү түзүү. Экинчи жолу – мыйзам чыгаруу актылардын негизинде мамлекеттик ыйгарым укуктарын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарына берүү.

***Натыйжа 5.*** «Эл аралык укуктун ченемдеринин имплементациясы» түшүнүгүн изилдеп жатып, биз улуттук-укуктук имплементациянын жол-жобосу улуттук-укуктук имплементациянын механизми жок мүмкүн эмес деген натыйжага келдик.

***Натыйжа 6.*** Диссертант тарабынан предмет катары эл аралык укук ченемдерин жүзөгө ашыруу тартиби болгон мыйзам долбоорду иштеп чыгаруунун зарылдыгы жөнүндө сунуштар киргизилип жатат. Бул мыйзам долбоордо субъекттер, алардын ыйгарым укуктары, эл аралык ченемдерди аракетке келтире алуунун укуктук камсыздоону жүргүзүү боюнча ыйгарым укугу менен энчиленген мамлекеттик бийлик органдарынын компетенциясынын чегинде эл аралык укуктун ченемдерин имплементациялоо жол-жобосу белгиленмек.

***Натыйжа 7.*** Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарын берүү алардын макулдугу менен гана жүргүзүлүш керек.

***Натыйжа 8.*** Айрым мамлекеттик ыйгарым укуктардын өткөрүп берүүсү, алар мыйзам тарабынан каралгандан кийин, мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдын ортосундагы келишим аркылуу жолжоболоштуруунун жөнү бар.

***Натыйжа 9.*** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жүргүзүлгөн анализдин негизинде төмөнкүдөй жыйынтыкка келдик: мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун алып баруу предметтеринин жана ыйгарым укуктарынын так болгон чектөөсү жок. Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш аракет маселелерин,

анын ичинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарын берүү маселесин эффективдүү чечүүгө тоскоолдук кылат.

***Натыйжа 10.*** Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары гана эмес берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарылышы үчүн жоопкерчиликти алуу керек деп айтсак болот. Мамлекеттик бийлик органдары да жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда зарыл болгон финасылык жана материалдык ресурстарды камсыз кылбагандыгы үчүн жоопкерчиликти алыш керек.

***3. Изденүүчүнүн диссертацияда туюнтулган ар бир илимий натыйжанын (илимий жобонун), корутундулардын жана тыянактын негизделишининин жана аныктыгынын даражасы.***

***Натыйжа 1.*** Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүү алкагында теоретикалык иштеп чыгаруулардын анализи менен негизделген. Диссертациянын темасы боюнча теоретикалык иштеп чыгаруулардын анализинде негизделген.

***Натыйжа 2.*** Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын анализи аркылуу негизделген. Аныктыгы мыйзамдардын жана укук колдонуучу практиканын анализи менен негизделетт.

***Натыйжа 3.*** Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын берүүнүн негизги принциптерин илимий анализи аркылуу негизделген. Аныктыгы мыйзамдардын жана укук колдонуучу практиканын анализи менен негизделет.

***Натыйжа 4.*** Башкаруунун маанилүү көйгөйү болуп мамлекеттик бийлик органдардын ыйгарым укуктарын көлөмүнүн анализи менен негизделет. Аныктыгы теоретикалык иштеп чыгаруулардын анализи менен негизделген.

***Натыйжа 5.*** Эл аралык укуктун ченемдеринин анализи менен негизделген. Аныктыгы эл аралык актылардын жана теоретикалык иштеп чыгаруулардын анализинин негизинде негизделет.

***Натыйжа 6.*** Эл аралык-укуктук практиканын анализи менен негизделген. Аныктыгы ченемдик укуктук актылардын жана укук колдонулуучу практиканын анализинин негизинде негизделет.

***Натыйжа 7.*** Мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын уюштуруусун жана иш аракетин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдери алардын компетенцияларына тиешелүү болгон маселелерди чечүүдөгү өз ара аракеттенүүсүнө тийгизген терс таасири негизделинет.

***Натыйжа 8.*** Ыйгарым укуктардын өткөрүп берүүсү, алар мыйзам тарабынан каралгандан кийин, мамлекеттик бийлик органдардын жана

жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдын ортосундагы келишим боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ченемдик базасынын анализи негизделген. Бул жобо колдонуудагы ченемдик укуктук актылардын анализи менен бекемделген.

***Натыйжа 9.*** Ыйгарылган же өткөрүп берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды эффективдүү эмес же жетишерлик эффективдүү эмес ишке жүргүзүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын жана кызматчы адамдардын жоопкерчилиги башталуу механизмдин жоктугу укук-ченемдик актылардын анализдөөсү менен диссертант тарабынан негизделинет.

***Натыйжа 10.*** Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын жана кызматчы адамдардын өз ара жоопкерчилик жөнүндө ченемдердин жоктугу тийиштүү мыйзамдарды анализдөө менен ырасталат.

***4. Изденүүчү тарабынан диссертацияда туюнтулган ар бир илимий натыйжанын (илимий жобонун), корутундулардын жана тыянактын жаңылыгынын даражасы.***

***Натыйжа 1.*** Жарым-жартылай жаңы, Жаңы, анткени мурдатан укук илиминде мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын ажыратуу көйгөйлөрүн анализдөө аракет кылынган.

***Натыйжа 2.*** Жаңы, анткени укук илиминде биринчи жолу болуп мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүү предметине карата мыйзамдардын толук анализи жүргүзүлүп жатат.

***Натыйжа 3.*** Жарым-жартылай жаңы, анткени мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын берүүнүн негизги принциптери атайын адабиятта жетишерлик жакшы чагылдырылган, бирок бул маселе боюнча Кыргыз республикасынын Конституциясынын толук анализи менен болгон эмгектер боло элек.

***Натыйжа 4.*** Жарым–жартылай жаңы, анткени мурда практикада жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ыйгарым укуктарын көлөмүнүн анализи аракети жасалган.

***Натыйжа 5.*** Жаңы болуп эсептелинет, анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын уюштуруруну жана иш аракетин изилдөөдө мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүү чөйрөсүндө эл аралык–укуктук актылардын анализи биринчи ирет болуп жүргүзүлүп жатат.

***Натыйжа 6.*** Жаңы, анткени биринчи жолу болуп ыйгарым укуктарды ажыратуу маселеси боюнча мамлекеттик бийлик органдары жана өз алдынча башкаруу органдарынын иш аракетин жөнгө салуучу мыйзам долбоору сунушталат.

***Натыйжа 7.*** Жарым–жартылай жаңы, анткени мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдардын

уюштуруусун жана иш аракетин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын ченемдери алардын компетенцияларына тиешелүү болгон маселелерди чечүүдөгү өз ара аракеттенүүсүнө тийгизген эмгектер боло элек.

***Натыйжа 8.*** Жаңы, анткени автор жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарды уюштурууну жана ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын анализинин негизинде, айрым ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү маселелери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укук-ченемдик базасынын мындан аркы өнүктүрүүнүн зарылдыгын белгиледи.

***Натыйжа 9.*** Жарым-жартылай жаңы, анткени ыйгарылган же өткөрүп берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды жана кызматчы адамдардын жоопкерчилиги башталуу механизмдин жоктугу укук-ченемдик актылардын анализдөөсү боюнча жөнгө салуучу маселелер мурда айтылган.

***Натыйжа 10.*** Жарым-жартылай, анткени мурда башка изилдөөчүлөр өзүнүн эмгектеринде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилигин комплекстүү жана максатка багытталгандык менен чындоо тууралуу маселелер карап чыгышкан.

***5. Алынган жыйынтыктардын ички бирдиктүүлүгүн баалоо.***

Д.С.Джумалиевдин диссертациялык иши фундаменталдуулук менен, анын негизинде жасалган корутундулардын ишенимдүү аргументациясы менен өзгөчөлөнөт, алэми анын жыйынтыктары маанилүү илимий жана практикалык мааниге ээ. Автордун укуктун жалпы теориясы, конституциялык укугу, муниципалдык укугу, эл аралык укугу боюнча адабияты менен чоң аналитикалык ишти жүргүзгөндүгү көрүнүп турат. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизделгендиги жана аныктуулугу шек келтирбейт. Диссертант тарабынан кең эмпирикалык база колдонулган. Коюлган максаттардын чечилиши илимий эмгектин жыйынтыктарынын ички бирдиктүүлүгүн көрсөтөт. Диссертация ырасталган далилдер жана аргументтелген корутундулар менен мүнөздөлөт, олуттуу тажрыйбалык мааниге ээ, бирдиктүү түзүмгө ээ, бүтүрүлгөн илимий эмгек болуп саналат.

Натыйжалар Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын уюштуруу жана ишмердүүлүгү алкагында актуалдуу маселелерди изилдөө иши менен ырасталган. Алынган жыйынтыктар өз ара байланышкан, практикалык сунуштамалар теоретикалык жоболорго негизинде түзүлгөн.

***6. Диссертацияда айтылган натыйжаларды алууда автордун жеке айкын катышуусу.***

Автордун тыянактарынын аргументациясынын жогорку деңгээлин өзгөчө белгилеп кетүү керек. Мындан тышкары, Д.С.Джумалиевдин диссертациясы анын тыянактарынын жана коргоого чыгарылган жоболордун негизине кирген кеңири илимий материалдары, булактары менен

өзгөчөлөнүп турат. Мунун баары Д.С. Джумалиевге илимий жаңылдыктын талаптарына жооп берген жана жогорку теоретикалык денгээли менен өзгөчөлөнгөн өз алдынча изилдөөнү жүргүзүүгө мүмкүндүк берди.

***7. Алынган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу маселени, теоретикалык жана колдонмолук максаттарды чечүүгө багытталгандыгы.***

Диссертациялык эмгекте мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракеттенүүсүнүн эң маанилүү көйгөйлөрү ачылган жана анализделген. Диссертацияда туюнтулган негизги тыянактар, сунуштар жана сунуштамалар Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча жергиликтүү органдарын уюштуруу жана ишмердүүлүгүнүн эффективдүү моделин издөөгө жана жалпысынан алганда укуктук жөнгө салуунун мыктылоосуна багытталган.

Диссертациялык изилдөөнү жүргүзүү процессинде топтолгон материал “Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу”, “Муниципалдык укук”, “Эл аралык укугу” курстары боюнча сабактарда жана башка юридикалык сабактарда колдонууга болот.

***8. Диссертациянын басмага чыккан негизги жоболордун, натыйжалардын, тыянактардын, корутундунун жетишерлик толуктугун ырастоо.***

Д.С.Джумалиевдин диссертациясынын тыянактары жана жыйынтыктары басмага чыккан макалаларда чагылдырылган. Диссертациялык тема боюнча 22 илимий макала жарыкка басылып чыккан.

***9. Автореферattын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши***

Автореферат диссертациянын мазмуну, анда коюлган максаттары жана маселелери менен ылайык келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана анлис тилинде бирдей болгон резюмеси бар.

***10. Диссертациянын мазмуну жана жасалгалоо боюнча кемчиликтер.***

- Кыргыз Республиканын мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарынын ажыратуунун башка мамлекеттердин тажрыйбасы менен салыштырма анализине көбүрөөк көңүл буруу жөндүү болмок.

- Диссертацияда тажрыйбалык мисалдар жетишерлик эмес берилет, көбүрөөк мисалдар эмгектин мазмунун байытмак.

- Автор жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө эл аралык-укуктук документтерин, мисалы, 1985 ж. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу европалык хартиясын анализдейт. Бирок диссертациялык иште белгилеген хартиядагы айрым жоболордун улуттук мыйзамдарга имплементация маселелерине көңүл азыраак бурулган, бул да диссертациялык иштин мазмунун байытмак.

***11. Диссертациянын КР ЖАКнын “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө Жобонун” талаптарына ылайык келиши.***

Жалпы жонунан, Д.С. Джумалиевдин диссертациялык изилдөөсү КР ЖАКнын “Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө Жобонун” талаптарына ылайык келет, ал эми анын автору 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук; 12.00.10 – эл аралык укугу, европа укугу адистиктери боюнча юридикалык илимдер доктору илимий даражасын ыйгарылышына татыктуу.

***Расмий оппонент,***
***Ж. Баласагын атындагы***
***Кыргыз Улуттук Университетинин***
***юридикалык факультетинин***
***укук таануу жана бажы иши***
***кафедрасынын башчысы,***
***юридика илимдеринин доктору,***
***профессор*** **Базарбаев Э.Б.**

***02.12.2020***

Подпись Базарбаева Э.Б. заверяю
Нач. ОК и Д КНУ Ишмуханова Д.

Кадрлар бөлүмү
Отдел кадров

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Входящий 01-1-2
№ 200 от «04» 12 2020 г.